DOI:10.26104/IVK.2023.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 3, 2023

*Кожобекова Г.С.*

# БАРПЫ АЛЫКУЛОВДУ БЕЛГИЛҮҮ АКЫН КАТАРЫ ТААНЫТУУДАГЫ ТҮМӨНБАЙ БАЙЗАКОВДУН АДАБИЙ ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

*Кожобекова Г.С.*

# ЛИТЕРАТУРНО-ТВОРЧЕСКАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ ТУМОНБАЯ БАЙЗАКОВА В ПОПУЛЯРИЗАЦИИ БАРПЫ АЛЫКУЛОВА КАК ВЫДАЮЩЕГОСЯ ПОЭТА

*G. Kojobekova*

# TUMONBAY BAYZAKOV'S LITERARY AND CREATIVE ACTIVITY IN POPULARIZNG BARPY ALYKULOV AS AN OUTSTANDIND POET

*УДК: 821: 82-1 (575.2) ( 04)*

*Макалада Түмөнбай Байзаковдун Барпы Алыкуловдун чыгармачылыгын өнүктүрүүдөгү салымы жөнүндө сөз болот. Барпынын чыгармачылыгын элге таанытуу идеясы М. Богданова тарабынан көтөрүлүп, жердеши, устаты катары Т. Байзаковдун талыкпас эмгегинин натыйжасында ыр жыйнактары китеп болуп жарыкка чыгарылгандыгы тууралуу баяндалат. Барпы Алыкуловдун чыгармачылыгын элге таанытуу аркылуу Т.Байзаков адабият айдыңында өзү да акын катары такшалган, айрым бир ырларында устатынын деми байкалып турат. Б. Алыкуловдун философиялык багыттагы, сүйүү темасындагы ырлары окурмандын жүрөгүнөн түнөк тапкан, келечек муун үчүн тарбия берүүчү чыгармалар деп баалоого болот. Т.Байзаковдун жубайы С.С. Байзакованын Барпы Алыкулов менен шакиртинин ортосундагы чыгармачылык ишмердүүлүгү тууралуу эскерүүсү, орус акыны А.Зайцевдин пикири камтылган.*

***Негизги сөздөр:*** *ыр жыйнактары, акын, чыгармалар, ыр саптары, сүйүү, чыгармачылык ишмердүүлүк, устат, шакирт, адабий мурастар, салым.*

*В статье рассказывается о вкладе Тумонбая Байзакова в развитии творчества Барпы Алыкулова. Идея популяризации творчества Барпы принадлежит М. Богдановой, как земляку, наставнику Тумонбая Байзакова, что в результате неиссякаемого труда Т.Байзакова были изданы сборники стихов в виде книг. Через публичное знакомство с творчеством Барпы Алыкулова, Тумонбай Байзакова совершенствовался как поэт, в некоторых его стихах прослеживается дыхание учителя. Стихи Б.Алыкулова философской направленности, на тему любви можно охарактеризовать как воспитательные произведения для будущих поколений, находящие отклик в сердце читателя. Воспоминания жены Т.Байзакова С.С. Байзаковой о творческой деятельности Барпы Алыкулова и его ученика, включено мнение русского поэта А. Зайцева.*

***Ключевые слова****: сборники стихов, поэт, произведения, стихи, любовь, творческая деятельность, мастер, ученик, литературное наследие, вклад.*

*The article describes the contribution of Tumonbay Bayzakov to the development of Barpy Alykulov's creativity. The idea of popularizing Barpy's creativity belongs to M. Bogdanova, as a fellow countryman, mentor of Tumonbay Bayzakov, that as a result of inexhaustible work of T. Bayzakov, collections of poems were published in the form of books. Through public acquaintance with the work of Barpy Alykulov, Tumonbay Bayzakov also improved as a poet, in some of his poems the teacher's breath can be traced. B. Alykulov's philosophical poems on the theme of love can be described as educational works for future generations that find a response in the reader's heart. The memoirs of T. Bayzakov's wife S.S. Bayzakova about the creative activity of Barpy Alykulov and his pupil, the opinion of the Russian poet A. Zaitsev is included.*

***Key words:*** *collections of poems, poet, works, poems, love, creative activity, master, student, literary heritage, contribution.*

Түмөнбай Байзаковдун чыгармачылык ишмердүүлүгүн изилдөөдө эң негизги маселелердин бири болгон Барпынын чыгармачылыгын кыргыз журтчулугуна таанытуудагы эмгеги тууралуу кызыктуу фактыга дуушар болдум. Анткени, Барпынын чыгармачылыгын жыйнап, окурмандарга таанытуу боюнча биринчи демилгени орус окумуштуусу Медина Искендеровна Богданова козгоптур. Анын сунушунун негизинде Т. Байзаков жердешинин чыгармачылыгын чын жүрөктөн изилдеп баштаган. Мындай мүнөздөгү билдирүү Гүлжамал Бакинованын К. Даутов менен болгон маектешүүсүндөгү «Барпыны ким алып чыккан» аттуу макаласында кездешет: «Медина Искендеровна Т. Байзаковго Барпынын ырынын баарын калтырбай кагазга түшүрүп жазып жүрүүсүн, ал жазгандарды Тил, адабият институтуна жиберүүсүн, келечекте Барпы ырларынын жыйнагын басмадан чыгарууну тапшырып, бул ырчы өтө зор, табылбаган кайталангыс акын экендигин түшүндүрдү» [1]. Жогоркудай маалыматтан улам Барпынын Барпы болушуна орус окумуштуусу М.И. Богданованын салымы бар экендигин айта кетпесек болбос.

Түмөнбай Байзаковдун чыгармачылыгы дээрлик 1960-1990-жылдардын тегерегинде өнүккөндүктөн, ошол мезгилдеги басма сөз беттеринде замандаштарынын анын чыгармачылыгына берген баасы, сын көз караштары боюнча жарыяланган макалалардын арасында А.Зайцевдин да мындай пикири «Комсомолец Киргизии» журналына жарыяланган: «Восемь книг стихов выпустил поэт на киргизском языке, пять - в переводе на русский. Байзаков собрал, изучил, издал наследие классика киргизской литературы Барпы» [2].

Кыргыз акындарынын арасында улуу акындардын чыгармачылыгын элге толук таанытуу менен

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



адабий чөйрөдө аздыр-көптүр кызмат кылган талант-тар бар. Токтогулдун ырчылык мурасын калың элге жеткирүү үчүн демилге көтөрүп, чыгармачылыгын адабий чөйрөгө таанытууга аракет кылган акын Ж. Бөкөнбаев сыяктуу Т. Байзаков да жердеши Барпынын ырларын эл арасынан изилдеп, жыйнап, керек болсо ыр жыйнактарын чыгарууга зор салымын кошту. Акындын поэтикалык мурасын жыйнап, тартипке келтирип, чыгармачылык өмүр жолун тактоо деле Т.Байзаков үчүн оңойго турган жок. Барпы Алыкуловдун азыркы томун Т. Байзаковдун «эң мыкты чыгармасы» деп атаса болчудай. Анткени, туңгуюкта калып кеткен ырларын казып чыгып, ак эмгек, кужүрмөн мээнет менен ийгиликке жетти. Совет бийлигинин жылдарында ышкоолуктун, чыгынбастыктын, кенебестиктин айынан Барпы сыяктуу бир топ акындардын ырлары өзү тирүүсүндө кагаз бетине түшүрүлбөй калганы айдан ачык иш. Терең изденүү менен тапкан табылгаларын Т. Байзаков сыяктуу акындар аларга экинчи өмүр тартуулап, чыгармаларын жарыкка чыгаруу менен кыргыз адабиятын байыта алды. Мындай ишмердүүлүккө илимий жактан баа берүү – бүгүнкү күндүн талабы.

Илимий иштин айрым бир бөлүгүн Т. Байзаковдун улуу акын Барпынын чыгармачылыгын кыргыз элине таанытуудагы эмгектери түзөт. Демек, Барпынын өздүк чыгармачылыгы тууралуу сөз кылып коюу ашыктык кылбас. Адамзатынын ар түркүн мүнөзүн өздөштүрүү Барпыны турмуш чындыгынын сүрөткери катары такшалтты. Анын ырларындагы жигиттин же кыздын, же болбосо аялдын жаманы же жакшысы тууралуу психологиялык портреттери турмуштук деталдар менен толукталып отурган.

Токтогул, Жеңижок, Ботобай өңдүү акындар ырдаган «Аккан суу» темасы Жеңижоктун ырларынын бир бөлүгү болгон. Жеңижок бул теманы дин менен байланыштуу караса, Токтогул табигаттын бир көрүнүшү катары сүрөттөгөн, ал эми Барпы сууну Жер эненин баласы катары сүрөттөп, турмуш чындыгы менен байланыштырган. Тактап айтканда, Барпы акындын суу, жер, күн, ажал, шамал темасына байланышкан философиялык багыттагы ыр саптары окурмандын жүрөгүнө бүлүк салат. Анын чыгармачылыгынын такшалган мезгили, келечекке болгон прогрессивдүү кадамы «Теңдик бир күн жарк этер» аттуу ырында даана сезилген. Барпынын мыкты акын катары калыптангандыгы сүйүү жөнүндөгү чыгармаларынан ачык-айкын көрүнөт.

Т. Байзаковдун жубайы С.С. Байзакова өзүнүн «Встреча с друзьями» аттуу китебинде Т. Байзаковдун устаты Барпы Алыкулов менен болгон чыгармачылык ишмердүүлүгү тууралуу минтип эскерет: «Түмөнбай по крупицам собирал его стихи, сочинения, искал людей, которые наизусть знали стихи Барпы. Результатом скрупулезного исследовательского труда стали восемь книг про Барпы, из них одна книга издана на русском языке в Москве в 1958 году. Как считает народный писатель КР Сооронбай Жусуев, Т. Байзаков совершил поистине патриотический подвиг, собрав, подготовив и выпустив в свет бессмертное поэтическое наследие великого акына Барпы Алыкулова (Свободные годы, 1992 г.)».

Т.Байзаковдун кужүрмөн эмгегинин натыйжасында Б. Алыкулов азыркы кыргыз адабиятынын классиктеринин катарына кирди. Устат менен шакиртинин урматына анын жердештери жыл сайын «Барпы-Түмөнбай» деген девиздин алдында ыр майрамын өткөрүп турушат.

Негизинен акындын турмуштан алган сабактары ар качан руханий дүйнөсүн байытып, табияттан жаралган шык-жөндөмүн тымызын күүгө келтирип, айрыкча устаты Барпыдан калган тажрыйбалары анын чыгармаларынын көрөңгөлүү болушуна шарт түзгөн.

Белгилүү адабий сынчы К. Даутов Барпы жөнүндө мындай дейт: «Айтсам, Барпынын тили жөнүндө, айтар элем. Анткени а кишини көзүм менен көрүп, кулагым менен угуп калдым, анын ырларын кыргыздардын ичинен биринчилерден болуп жазып калдым. Ал дептерим Тил, адабият институтунун фондусунда сакталуу. Акындын тили Сузакта ичкилик аталчу кыпчак диалектисинде. Ал диалект мени өтө кызыктырган, кандидаттык диссертациямда Барпы акындан жазылган материал кирбегени менен ошол райондогу кыргыздардын тилине чоң басым жасадым эле» [3]. Мындай пикир Барпынын чыгармачылыгын таанытууда К. Даутовдун да салымы бар экендигин билдирет.

Улуу устатынын таасири Т. Байзаковдун чыгармачылыгына тийгенинде шек жок. Барпы жөнүндө акын минтип ички толгонуусун билдирет:

Барпы ырчыда албан ыр
Басташалбайт жалган ыр.
Баалагандын дилине
Бал сыяктуу тамган ыр.
Бак ичинде отуруп
Булбул кулак салган ыр.
Бакыт бол деп ышкыма
Бозой жаттап алган ыр.
Баар болуп кышында
Борошодо жааган ыр.
Башат сыяк түбөлүк
Баарыбызга калган ыр [4].

С. Жусуев акындын Барпынын чыгармачылыгына кошкон салымы боюнча минтип пикирин билдирет: «Т. Байзаков элибиздин залкар акыны Барпынын калтырып кеткен асыл адабий мурастарын жыйноодо, тартипке келтирип жарыялоодо, анын өлбөс-өчпөс чыгармаларын пропагандалап, окурмандардын калың катмарына жеткирүүдө жумшаган эмгегине тиешелүү баа берип, ыраазычылык менен айта кетүүбүз зарыл.

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



Барпынын чыгармачылыгы боюнча ал бирден-бир билерман адис экендиги баарыбызга маалым» [5].

Барпы Алыкулов менен Т. Байзаковдун чыгармачылыгындагы айрым бир окшоштук катары эки акындын тең «жаратылыш» темасына олуттуу кайрылгандыгын ырларынан байкоого болот. Мындан сырткары, устаты да, шакирти да «ыр» дегенде ичкен ашын жерге койгон, ырсыз өмүрүн элестете албаган инсандар болгондугу чыгармачылыгынан улам жыйынтыкталат. Мисалы,

Барпы Алыкулов:

Ыр дегенде өлөмүн
Ырды жандай көрөмүн
Ышкылуу сөздү ыр менен,
Ылгап кумдай бөлөмүн.
Ыкылас койдум шул ишке,
Ырдын пири жөлөгүм.
Жөнөкөй сөздү кынадым
Жан эргиткен ыр менен.
Барпы көр кошкон экен деп,
Ырдасын жаштар миңдеген - [6] десе,

Т.Байзаков:
Ырларым, менин ырларым-
Ышкыга ынак жылдарым.
Жаныма катпай сага айттым
Жашыруун жүрөк сырларын
Ырларым менин ырларым-
Ышкындай жаштык кырдаалым.
Өчсөм да өзүм өчөйүн,
Өчпөсүн гүлдүү ыр баарым [7].

Ушул эле сыяктуу жаратылыш тематикасына байланыштуу «күн» темасын устаты менен шакирти мындайча сүрөттөйт:

Күндүн нуру белгилүү
Күчтүү оттон жаралган
Күн кубаты бардыктан
Адамга көп таралган [8] - деп Б. Алыкулов «Күн» аттуу ырын даңазаласа – Т. Байзаков «Күйдү эле күн очогу» аттуу ырында минтип сүрөттөйт:

Күйдү эле күлүң этип Күн очогу,
Таңшыды ырчы торгой ободогу:
Күндү мактап,
үндү мактап,
дилди мактап.
Булактар черткиледи борчук ташты.
Бурактар булбул менен кучакташты.
Таң да аппак,
Шаң да аппак,
Жан да аппак [9].

Өзгөчө саптар менен жаралган эки акындын тең айтайын деген оюу Күндүн ыйыктыгы, баалуулугу тууралуу болуп, устаты менен шакиртинин чыгармачылыгы кандайдыр бир деңгээлде жуурулушуп турат деп айтууга негиз бар. Б. Алыкулов менен Т. Байзаковдун жаратылыш темасына кайрылган окшоштук жактарын эки акындын чыгармачылыгына сүңгүп кирген окурмандар гана сезе алат. Негизинен устат менен шакиртинин ыр жазуудагы тематикалары көп сөз айтууга арзыйт.

Айта кетчү нерсе, Т. Байзаков кыргыз адабияты үчүн опол тоодой эмгек сиңирип, котормочулук өнөрүнөн сырткары ондон ашык ыр жыйнактарынын автору болуу менен бирге Б. Алыкуловдун акындык өнөрүн жалпы кыргыз журтуна таанытуу иш-аракеттерин жасаганына карабай катарлаш достору С.Эралиев менен С. Жусуев «Эл акыны» деген наамга 1970-жылы эле ээ болушса, Т. Байзаков андай тизмеге кирбеди. Анткени, ошол мезгилдеги бийлик башындагы саясий көрүнүштөрдөн улам акынга мамлекеттик деңгээлдеги орден, сыйлык, медал берилген жок. Мүмкүн ошол себептүү да партия менен өкмөттү анчалык деле айга, күнгө жеткире мактап, сыйлык, наам алганга аракеттенбеген. Бирок, тагдырдын ташы акынга ооп – өмүрүнүн акыркы жылдарында Т.Байзаков чыгармачылык бийиктикке жетип, Кыргызстанды түп көтөргөн «Кыргыз жери» ыры аркылуу жылдызы жанды. Акын үчүн жазуучулук, чыгармачылык өнөр ар кандай кесиптердин бийиги да, мыктысы да эле. Ошол себептүү жаштарга чыгармачылык жактан жол көрсөтүп, кеңешчинин, устаттын ролун аткарып, бүткүл өмүрү басмаканалар жана китеп чыгаруу иштери менен өттү. Анткени устаты Барпынын чыгармачылыгын кыргыз окурмандарына таанытып, адабиятка «Барпы» деген улуу атты киргизүү акын үчүн оңойго турган жок. Ошону менен катар устатынан алган тажрыйбасын жаш муундарга бөлүшүү менен катар өмүрүнүн көпчүлүк бөлүгүн Барпынын адабий мурасын топтоого жумшады. Т. Байзаков болбогондо, Барпынын чыгармачылыгын кыргыз адабиятына таанытуу идеясын көтөргөн М.И. Богданова болбогондо – классик акын Б. Алыкуловдун аты адабият ааламында жаркырамакпы же жокпу белгисиз... Т. Байзаковдун дал ушул эмгеги үчүн да кыргыз адабиятынын тарыхына аты алтын тамга менен жазылса адилеттик болмок...

Керемет лирикалардын, дастандардын автору Т.Байзаков жердеши Б. Алыкулов менен көп мезгилдер чогуу жүрүп, акын 23 жашында 63 жаштагы устаты Барпы апыз менен айтышка түшкөн соң шакиртине батасын берген. Кийинчерээк Т.Байзаков устаты Б.Алыкуловдун ырларын өз оозунан жазып алып, эл ичинен да жыйнаган, китептерин басмадан чыгарууга катышып, Барпынын чыгармачылыгы тууралуу макалаларды да жазган. Устатынын бир топ ырларын жатка билүү менен кези келгенде ыр күйөрмандарына

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



айтып берчү. Амангелди Төрөкановдун билдирүүсүнө караганда, Т. Байзаков менен Б. Алыкулов 1991-жылы октябрда Ачыдагы булакка барып, зыярат жасоо менен бирге Чоң Кыштоодогу Барпынын калыбына келтирилип жаткан үйүнө барганын, Б. Алыкуловдун 110 жылдык маарекесин масштабдуу деңгээлде белгилөө жөнүндөгү сунушун райондун, облустун жетекчилигине дайындап кеткени маалым. Тагдырдан качууга болбостугун айтыңыз, Сузак районунун өнөрпоздорунун Барпы темасында өтүп жаткан кароо-сынактын жүрүшүндө Т.Байзаковдун дүйнөдөн кайткандыгы тууралуу кабар келет. Ошентип, бири кем дүйнө деген ушул белем – устатынын маарекесине катыша албай калгандыгы өкүнүчтүү иш болду.

Корутундулап айтканда, Барпынын Барпы болушуна салым кошкон адабий ишмер катары Т. Байзаковдун адабият ааламына кошкон салымы зор. Барпы десе Байзаковду, Байзаков десе Барпыны түшүнгөн окурмандар үчүн адабият ааламында эки залкар акындын тең орду салмактуу экендиги талашсыз. Эки жердеш залкар акындардын өмүр чыгармачылыгын изилдөө иши дагы да алдыда деп жыйынтыктоого болот.

**Адабияттар:**


1. «Кыргыз маданияты», №22-23 (1374-1375) 9-июнь, 1993-ж.
2. «Комсомолец Киргизии», 30.05.1981.
3. Даутов К. Барпыны ким алып чыккан?: «Кыргыз маданияты» гезити, №22-23(1374-1375), 9-июнь, 1993-жыл.
4. Байзаков Т. Б-19, Сулуусуң кыргыз жери, ырдан бүткөн... Тандамал ырлар. - Б.: «Бийиктик», 2003. - 288 б., 160-б.
5. Жусуев Сооронбай. Белсемдүү акын: Акын Түмөнбай Байзаков 60 жашта. - Кыргызстан маданияты, 1983, 22-сентябрь, №38.
6. Алыкулов Б. Академик А.Акматалиевдин жалпы редакциясы астында, Бишкек, «Принт-экспресс» - 2016, 11-том, 6-б.
7. Байзаков Т., Жангазиев М. Түз. Ж. Тургунбаева, У. Жапаракунов. - Б.: Турар, 2018. - 32-том. - 67-б.
8. Кыргыз поэзиясынын антологиясы, Бишкек: «Кыргызстан-Сорос» Фонду, 2000, II том. - 38-б.
9. Кыргыз адабиятынын антологиясы. Поэмалар, ырлар. Түз.: В.Мусаева, Т.Асанакунов. - Б.: «Кыргыз энциклопедиясы», 2012, 8-том. - 141-б.